**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**АЙДАРКЕН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙДАРКЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**Айдаркен шаардык кеңешинин 5-чакырылышынын кезектеги 14-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 7-ноябры №31** **Айдаркен шаары**

## Айдаркен шаарынын Кыргызстан көчөсүнө тротуар орнотуу долбооруна өздүк салым үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө

Айдаркен шаардык мэриясынын инвестиция боюнча башкы адиси Н.Касымовдун "2026-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин дем берүүчү (үлүштүк) грантына сунушталуучу Кыргызстан көчөсүнө тротуар орнотуу үчүн 500000 (беш жүз миң) сом өлчөмүндө жергиликтүү бюджеттен өздүк салым кошуу үчүн акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү" баяндамасын угуп, талкуулап, бюджет, экономика, каржы жана фискалдык саясат боюнча туруктуу комиссиясынын чечиминин негизинде Айдаркен шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.2026-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин дем берүүчү (үлүштүк) грантына сунушталуучу "Айдаркен шаарынын Кыргызстан көчөсүнө тротуар орнотуу" долбооруна өздүк салым үчүн 500 000 (беш жүз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен мыйзамга ылайык ажыратылып берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы шаар мэри Б.Бегалиевге жүктөлсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө киргизилсин.

4. Токтомду расмий жарыялоо жана Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы жооптуу катчы Г.Амирбековага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А.Алтымышова**